КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ

ТОҢ РАЙОНУ
КӨК-МОЙНОК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТОНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
КОК-МОЙНОКСКОГО
АЙЫЛНОГОАЙМАКА

**Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын VII чакырылышы**

## ТОКТОМ

2023-жылдын 11-сентябры № 43 Ак-Өлөң айылы

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 18.10.2022-жылдагы №350 Жарлыгын аткарууга алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 18.10.2022-жылдагы №350 "Кыргыз Республикасында административдик-аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү жана региондорду өнүктүрүү боюнча андан аркы чаралар жөнүндө" Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн 15.08.2023-жылдагы №318 тескемесин ишке ашыруу максатында, Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Тоң Районунун Көк-Мойнок жана Улахол айыл аймактарын бириктирүү маселеси колдоого алынсын.
2. Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2023-жылдын 22-августундагы №39 токтомунун 2-пунктуна төмөндөгүдөй өзгөртүү киргизилсин. Бириккен айыл аймагы Саякбай Каралаев айыл аймагы деп аталсын жана анын борбору Оттук айылында жайгашсын.
3. Бул токтомдун көчүрмөсү Тоң районунун мамлекеттик администрациясына жиберилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Көк-Мойнок айыл өкмөт башчысына жана айылдык кеңештин Бюджет пландоо жана мыйзамдуулук маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **С. Д. Байбосунов**